# ИСЛАМДА ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮНҮН БИРИ-БИРИНЕ БОЛГОН МИЛДЕТИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

Докт., доц. Исмаил Хаккы Үнал*

## I. Киришүү

Жер бетиндеги бардык диндерде жана маданияттарда болгондой эле Исламда да үй-бүлө эң негизги уюм болуп саналат. Үй-бүлө коомдун эң кичинекей бөлүгү болгондуктан, мүчөлөрү рухий жана физиологиялык жактан чың болгон үй-бүлөлөрдөн түзүлгөн коом күчтүү жана бактылуу болот. Улуу Алла Таала Кураны Керимде мындайча буюрган: «Алланын аяттарында Кудай силерге дос (шерик) кылып, өзүңөрдөн жуптарды жаратты жана ортоңордо мээрим жана сүйүү пайда кылган. Албетте, бул жерде акыл жүргүзө турган коом үчүн аят-үлгүлөр бар».[1]

Бул аятта жуптардын бир-биринен ырахат табуулары жана алардан төрөлгөн наристелер менен биргеликте сүйүү менен урмат-сыйга таянган бактылуу үй-бүлө курруулары динибиздин эң негизги максаттарынан болуп саналат. Үйлөнүү, турмуш куруу жуптардын жакшы жана жаман күндөрдө да чогуу болуу менен бирге, чыдамкайлык көрсөтөөрүнө карата берген убада болуп эсептелет. Бул убадага бек туруулары абзел жана үй-бүлөлүк турмушта кезигүүчү ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгондо бул убадалашууну эстен чыгарбаш керек.

Ислам дини үй-бүлө мүчөлөрүнүн арасындагы мамиленин келечектүү болушу үчүн эки тараптуу сүйүүнүн, урмат-сыйдын, укук милдеттердин так сакталышын негизги орунга коет. Албетте, мында биринчиден жуптарга, же болбосо, ата-энелерге чоң милдеттер жүктөлөт. Андан кийин ата-эне менен балдардын ортосундагы эки жактуу милдеттер жана жоопкерчиликтер келет. Ошондуктан үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон милдеттери тууралсында сөз кылганда, алгач жубайлар арасындагы, андан кийин ата-эне менен балдардын арасындагы мамилелерден сөз кылуу туура болот.

## II. Жуптардын бири-бирине болгон милдеттери жана жоопкерчиликтери.

Исламдын алгачкы мезгилдеринде үй-бүлө, ата-эне, бала-чака, чоң эне, чоң ата, бир тууғандар, ага-инилер, тага-таэжелер, булардын балдарын да өз

---

* ОшМУ, теология факультети

[1] Рум сүрөсү, 21-аят.

ичине алган чоң жамаатты түзөт. Кылымдар бою улантылып келген бул традициялык «Чоң үй-бүлө» түрүнүн ордуна, учурда өзгөчө шаарларда ата-эне жана балдардан турган «чакан үй-бүлө» түрүнө өттү. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ролдорунда жана социалдык функцияларында да маанилүү өзгөрүүлөр болгон. Бирок мындай өзгөргөн үй-бүлөнүн формасына карабастан эч өзгөрбөгөн тарабы да бар. Ал үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине кыла турган мамилелери жана баш ийүүлөрү зарыл болгон эрежелер. Бул төмөнкүчө белгилөөгө болот: эки жактуу сүйүү, урмат-сый, ак көңүлдүүлүк, адилеттүүлүк, жардамдашуу, чыдамдуулук жана башкалар.

Динибиз үй-бүлө мүчөлөрүн коргоо жана колдоо милдетин атага жүктөгөн. Эркек адамдын физиономиялык түзүлүшүнө байланышкан бул табигый өзгөчөлүк Кураны Керимде мындайча баяндалат: « Мал-мүлктөрүнөн сарп-каражат кылгандыктары жана Кудайдын (физиономиялык жактан) кээ бирөөлөрүн калгадарынан жогору кылгандыгы үчүн эркектер аялдарды коргоочу же көзөмөлдөөчү болушкан».[2] Эркек жана аялдардын бири-бирине болгон укуктарынан сөз кылган аяттардын биринде төмөндөгүчө баяндалган:«... Эркектердин аялдарга болгон укуктары сыяктуу эле, аялдардын да эркектерге болгон укуктары бар. Эркектин аялдардан бир даража ашыкча укуктары бар. Алла кудуреттүү жана даанышман».[3] Кураны Керим түшкөн учурда үй-бүлөнүн жашоо тиричилиги анын укуктарынын корголушу эркекке тийиштүү болгондуктан, аялдарга куйөөлөрүнө баш ийүүлөрүн сунуш кылган. Бул коргоо жана экономикалык жоопкерчилик учурубузда эркекке тийиштүү болуу менен бирге кээ бир шарттарга байланыштуу өзгөрүүлөр болгону байкалат. Ошондуктан Курааны Керимдин ошол учурдагы традициялык түшүнүктү эске алуу менен буйрук берген баш ийүүнү, азыркы учурда эки тараптуу урмат-сый деп талкуулашыбыз туура болот. Анткени Ислам тарыхында Азирети пайгамбарга шилтенген жасалма хадистердин жардамы менен моюн сунуу (итаат) кээде аялдын күйөөсүнүн алдында кээ бир учурларда кулдук даражага түшүүсүнө жол ачкан. Күнүбүздөгү Ислам коомдорунда да аялдын үй-бүлө ичиндеги ордун көбүнчө жогорудагыдай жаңылыш моюн сунуу (итаат), түшүнүгү ээлеп келүүдө. Бул түшүнүк боюнча кандай шарттарда болсо дагы аял күйөөсүнө сөзсүз түрдө баш ийүүсү керек. Ал уруксат бермейинче ата-энени да зыярат кылбаш керек. Эшиктен сырткары чыкпоо, күйөөсү уруксат бермейинче садака жана белек бербөөгө тийиш. Булардын Азирети пайгамбарга бизге үйрөткөн Исламга эч кандай тийешеси жок экенин айта кетишибиз керек. Себеби Азирети Мухаммед өз аялдарына мындай жоруктарды кылган эмес. Аларды үйгө камаган да эмес, кордогон да, урганда эмес. Алардын кээ бир кысканууларына каршы кыска убакыт таарынуу менен гана токтолгон. Кээ бир учурларда аялдары ага капа болгондо ал алардын көңүлүн алган. Мисалга алсак, Азирети Айша өзү жөнүндө айтылган ушактардан күмөн санаган Азирети Пайгамбарга таарынгандыктан бир ай атасынын үйүндө болгон. Кийин Айшанын күнөөсүздүгү туурасында «аяти карима» түшкөн, Азирети Пайгамбар бул сүйүнүчтүү кабарды Азирети Айшага жеткирген учурда, ал тарабынан көңүлсүз кабыл алынган жана Аз. Айша ага эмес, өзүн тазалыкка чыгарган улуу Алла Таалага мактоо билдиргенин айткан.[4]

---

[2] Ниса сүрөсү, 34-аят.

[3] Бакара сүрөсү, 228-аят.

[4] Караңыз: Ahmed b. Hanbel, Müsned, VI/ 30, Çağrı Yayınları, İstanbul-1992, керектүү болгон аяттарга караңыз: Нур сүрөсү, 11-20-аяттар.

Азирети пайгамбар бир хадисинде мындайча буюрган: «Баарыңыздар койчусуздар, баарыңыздар буйругуңуздарга киргендерден жоопкерчиликтүүсүз, башкаруучу чабан сыяктуу, башкаргандарынан жоопкерчиликтүү, киши үй-бүлөсүнүн алдында койчу катары жоопкерчиликтүү. Аял киши жолдошунун, үйүнүн койчусу (ээси) жана балдарынан жоопкерчиликтүү».[5] Ар ким өзүнө тийиштүү болгон милдети аткарса, үй-бүлөнүн бактылуу өмүр сүрүшүнө өбөлгө түзөт.

Үй-бүлө курууда жалгыз гана жыныстык каалоо негизги максат эмес. Эгер андай болсо мунун орундатылышы үчүн аял-эркектин өмүр бою чогуу жашоосу керек эмес эле. Үй-бүлө куруунун негизги максаттарынын бири мээримдүү үй-бүлөлүк чөйрөдө рухий жана физиологиялык жагынан бакубат муунду өстүрүү. Айрыкча жалгыз жашоонун азабынан кутулуп, сүйүүнүн жана кайгыларды бирге болушуу муктаждыгы да абдан керектүү. Бул эки жактуу сүйүү урмат-сый аркылуу түптөлөт. Жолдошун капа кылган, ага жаман сөздөрдү сүйлөгөн, кези келгенде уруп-соккон адам өзүнүн аркасында өмүрлүк жолдошу менен бөлүшө турган бир нерсе калтырбаган б.с. Балким жалгыз жашоодон дагы да жаман акыбалга түшөт. Ошондуктан «ислам аалымдары жолдошуна адилеттүү мамиле кылышына жана ага зыян бербешине ишене албаган адамдын уйлонуусуно уруксат эмес экендигин билдиришкен. Анткени, аалымдар буга окшогон адам үйлөнгөндөн кийинки жолдошуна жана балдарына тийгизген зыяны үйлөнгөнгө чейинки өзүнө тийгизген зыяндан ашып түшкөндүгү үчүн уруксат беришкен эмес.

Жуптардын бири-бирине болгон милдеттеринин эң негизгилеринин бири намыстуулук жана туурулук болуп саналат. Намыстуу болуу бир эле аял үчүн эмес. Курааны Керим момун эркек жана аялдардын баарын намыстуу болушун каалайт.[6] Ошондуктан Кураны Керим аял жана эркектин зына кылуусундагы жазаларын айырмалаган эмес. Күнүбүздө намыстуу болуу бир эле аялдарга тиешелүү болуп, эркектер бул маселенин өздөрүнө тиешеси жоктой сезишет. Намыска байланышкан арыздар жана намыс кылмыштары көбүнчө аялдарга багытталган. Негизинен намыс арызданнуусу болсо дагы намыс кылымышы деген нерсенин болушу мүмкүн эмес. Намыска доо кетирген эркек жана аял мыйзамга ылайык жаза көрүүсү керек. Урук тууганыбыз болсо да зына кылган кимдир бирөөнү өлтүрүү мүмкүнчүлүгүнө динибиз уруксат бербеген.

Куранда момун эркек жана аялдардын бири-биринин досу болгондуктарын жана бири-бирине жакшылыкты буйруп жамандыкты тыюу керектигин билдирүүдө.[7] Бул жалпы акыл-насаат алгач жубайлар үчүн зарыл. Бул аяттын негизинде жубайлар бири-бирин эскертип, жамандыктан тыюуга милдеттүү. Мындай ата-эне балдары үчүн да үлгүлүү мисал боло алат.

Тарыхта көбүнчө аялдардын укугу тепселип келгендиктен Пайгамбарыбыз бул маселе боюнча эркектердин көзүн ачкан. Бир осуятында «момундардын эң жакшы болгондору, адеп-ахлак жагынан эң жогору болгону. Сиздердин мактоого арзый турганыңыздар, аялдарынарга адептүү мамиле кылганыңыздар»- деп буюруган.[8] Дагы бир хадисте мындай баяндалган: «Аялдар туурасында бири-бириңиздерге туура насаат кылыңыздар».[9] Дагы Азирети

---

[5] Buhâri, Nikah, 90 (VI/ 152), Çağrı Yayınları., 2. baskı, İstanbul-1992.

[6] Нур сүрөсү, 30-31-аяттар.

[7] Тообо сүрөсү, 71-аят.

[8] Tirmizî, Sünen, Rıda, 11,(III/466) Çağrı Yayınları, 2. baskı, İstanbul-1992.

[9] Tirmizî, Rıda, 11 (III/ 467).

Пайгамбар: «Кайыр жолунда сарпталган садакалардын эң жакшысы (сооптуусу), үй-бүлөсүнүн муктаждыгына жумшагандык».[10] Дагы бир хадисте «Алланын ыраазычылыгы менен үй-бүлөгө жумшалган каржоолор, аялынын оозуна алган бир тиштем тамагы аркылуу да сооп табат».[11]Бул жерде үй-бүлөгө таандык милдеттердин зарылдуулугун көрсөтүп турат.

Үй-бүлөнү багуу жалпысынан эркектин милдети болуп, бирок бул өзгөрбөй турган эреже эмес. Эркек жана аял үй-бүлө иштерин биргеликте жүргүзгөндөй, шартка ылайык бул ишти жалгыз аял алып кете алышы мүмкүн. Балдар менен эң көп алектенген, аларды тарбиялоодо өтө кайрат сарптаган эненин мажбур болбогондо материалдык жоопкерчиликти мойнуна алуу макул көрүлбөгөн. Муну табигый закон ченемдүүлүк катары кабылдоого туура келет.

Аял менен эркектин ортосундагы физиономиялык басмырттоо, зордук-зомбулук тыюу салынгандай эле, ой-жүгүртүү жана ишеним эркиндигинин бузбоо дагы тыюу салынган. Мисалы: аялы мусулман болбогон эркек, ага ишеним жана уюштуруу иштеринде аны басмырттай албагандай, өзүнүн дининин буйруктарын орундатууда ага жардамчы болот. Мусулмандын милдети башкаларына үлгүлүү болгондой өмүрлүк жолдошуна, балдарына да Исламды жашоо менен үлгү болуу жана алардын Ислам динин таануулары учун жардамчы болуш керек. Куран өмүрлүк зайбына жакшы мамилиледе болууну төмөндөгүчө буйруган: «... Алар менен ынтымакта жашагыла. Аларды жаман көрсөңөр да (сабыр кылып, жакшы жашоого умтулгула). Анткени силер жаман коргон нерседе Кудай сиздер үчүн көп жакшылыктарды жаратып койгон»[12]. Аз. Пайгамбар коштошуу хутбасында (созундо) аялдарга каршы жасалган укук бузууларды эске алып төмөндөгүдөй буйрук берген: «Аялдардын укуктарын коргогула жана бул маселеде Кудайдан коркууңузду үгүт кылам. Сиздер аялдарды Кудайдын аманаты катары билиңиздер. Алардын ар-намысы Кудай алдында сөз берүү менен адал болду».[13]

Үй-бүлөдө эркек жана аял өз ара келишип күндөлүк план түзүп, өздөрүнүн милдеттерин орундатуу маселесинде да жооптуу. Үй иштеринин көпчүлүгү аялга жүктөп, чекеде калган эркек кул акы туурасында Кудай алдында жооп берет. Традицияга айланган аялга жүктөлгөн милдеттердин диний жактан эч кандай негизи жок. Тескерисинче Куран жана хадистердеги далилдерге ылайык ислам аалымдары аялдардын милдети намысын коруу, үйгө бейтааныш кимдир бирөөнү киргизбөө жана куйөөсүнүн диндин негиздерине ылайык арзууларын орундатуудан башка кызмат жүктөлбөгөн. Кээ бир аалымдардын көз карашы боюнча аял бөбөгүн да эмизүүгө милдеттүү эмес. Эркек кишинин экономикалык абалы жакшы болсо, баласына сүт эне табууга милдеттүү. Биздин оюбузча жогорудагы акыркы чектен ашкан бул көз караштан сырткары эркек жана аялдын үй-бүлөдөгү милдеттерин орундатууда жооптуу. Бул милдеттерди аткарууда бири-бирлеринин укуктарын тепсебестен эки жактуу иш алып баруу эң туура жол болуп саналат. Аз. Пайгамбарыбыз коштошуу сөзүндө эркек менен аялдын бири-бирине карата укуктарынан баяндалган негиздүү бир, эки маселени белгилеп жана төмөндөгүчө буюрган: «Сиздердин аялдардын алдында аткара турган укуктарыңыз бар. Сиздердин бул укуктарыңыз алардын үй-бүлөлүк

---

[10] Müslim, el-Câmiu's-Sahih, Zekat, 12, Hadis No: 38 ( I/ 692) Çağrı Yayınları., 2. baskı, İstanbul-1992.

[11] Buhârî, İman, 41 (I/20).

[12] Ниса сүрөсү, 19-аят.

[13] Müslim, Hacc, 19, Hadis No: 1218 (I/889).

очогун бейтааныш кимдир бирөөгө тепсетпөө керек. Алардын сиздердин алдыңыздарда да укугу бар. Алардын укуктары адал жол менен жеп-ичүү, кийинүү сыяктуу муктаждыктарын камсыздоо керек».[14]

Бул жерде эске ала турган нерсе, өзгөчө аялдар жөнүндө Ислам коомдорунда калыптанып калган жана кээ бирлери динге таянылган туура эмес түшүнүктөр жана салттар болуп эсептелет. Аялдын күйөөсүнө мажбур түрдө баш ийүүсү, анын каалоолорун орундатуу үчүн түрдүү кыйынчылыктарга кабылышы, күйөөсүнө жакпай калган учурда аялдын үйдөн куулуп чыгышы бул туура эмес салттардан кээ бирлери. Ошондуктан азыркы учурда өнүккөн өлкөлөрдө аял-эркектердин же болбосо инсандардын укугу жана милдеттери белгиленген. Бул укуктар бузулган учурда атайын чаралар көрүлөт. Бул чара колдонуулардын көпчүлүгү динибизге төп келет. Мисалы үйлөнүү жамааттын ичинде жана күбөлөрдүн болушу менен кыйылышындай ажырашуу да сот алдында чечилиши буга үлгү боло алат. Эски арап улутунун урп-адатына таянган жана көбүнчө эркеке ыйгарылган бир жактуу ажырашуу укугунун ордуна жубайлардын жана жоопттуулардын алдында ажырашуу обьективдүү түрдө чечилип бир бүтүмгө баруу динибиздин максатына ылайык келет.

Жубайлардын үй-бүлөлүк сырларын башка бирөөлөргө түшүндүрбөөсү маанилүү адеп-ахлактык жоопкерчилик болуп саналат. Негизинен бардык адамдар баш ийүүсү керек болгон стандарт адеп өлчөмдөрү жубайлардын ортосунда да сакталыш керек.

Жубайлардын бири-бирине болгон милдеттери структуралык түрдө төмөндөгүчө белгиленет.

А. Күйөөнүн милдеттери:

1. Эркек Кудайдын буйругу менен үйлөнгөн өмүрлүк жолдошун башкаларга муктаж кылбагандай жашоосуна кам көрүү керек.
2. Балдарына ээ чыгуу керек.
3. Зайыбын сүйүп, урматтоосу керек жана үй-бүлөсүнө камкордук көрүүсү зарыл.
4. Аялына ишенгендигин көрсөтө билип жана жалган ушактардан узак болуусу керек.
5. Аялы жөнүндө далилсиз сөздөргө ишенип өкүм чыгарбоо керек.
6. Аялына каршы болбогон нерселерди шылтоо кылып тез-тез таарынбоо керек.
7. Аялынын урук-тууганына сый-урмат көрсөтүп, аларга каршы сөз сүлөбөө керек.
8. Аялдын жыныстык абалын жана башка уяттуу темалар туурасында башкаларга сүйүнчүлөбөө керек.
9. Аялын келтектебеш керек жана жөнү жок нерсеге капа кылбоо керек.

Б. Аялдын милдеттери:

1. Аял күйөөсүн сүйүп, урматтап, намысын коруп, күйөөсүнүн күмөн санаган жүрүм-турумдардан узак болуу керек.

---

[14] Müslim, Hacc, 19, Hadis No: 1218 (I/890).

2. Аял үйүнө, күйөөсүнө, балдарына жана үйүнүн буюмдарына ээ болуп таза, тыкан тутууга аракеттенүү керек.
3. Күйөөсүнүн урук-туугандарына урмат көрсөтүп жана жумшак мамиле жасоо керек.
4. Күйөөсүнүн кыйынчылыкка жана карызга батырган ысрапчылыктан узак болуп, уруксатсыз каржабоо керек.
5. Күйөөсүнө карата аялдык милдетин орундатууга аракет кылып, кир жана жагымсыз нерселерден узак болуу керек.
6. Аял адамгерчиликтүү болуп, обу жок өзүмчүлдүктөн узак болууга тийиш.
7. Аял кылык-жоруктары менен, келбети менен, ибадат жана адеп-ахлактуулугу менен балдарына жакшы үлгү болуусу керек.
8. Аял өзүн бийик сезип, күйөөсүн пас көрбөө керек.[15]

**III. Ата-эне менен балдардын ортосундагы бири-бирине болгон милдеттери жана жоопкерчиликтери.**

Үй-бүлө куруунун негизги максаты муундун уланышы үчүн балалуу болуу эсептелет. Бирок бул максат айбанаттар сыяктуу уруктун улануусу менен чектелбеген. Динибиздин адамзаттын жаратылышы менен байланыштуу болгон бизге билдирген максатын аткарылуусу ар бир мусулмандын милдети болгондой, ар бир үй-бүлө балдарын максатка ылайык тарбиялоого милдеттүү. Кудай Таала Куранда төмөндөгүчө буйрук кылат: «Мен жиндерди жана инсандарды жалгыз мага баш ийишсин деп жараттым».[16] Кулдук кылуунун максаты эмне экени төмөнкү аятта белгиленет: «(Эй инсандар!) Ал силердин кайсы бириңер көркөмүрөөк-жакшыраак ошол кылуучу экениңерди сыноо үчүн өлүм жана тирүүлүктү жаратты».[17]

Бул дүйнө сынак дүйнөсү болуп жана бул сынакты ийгиликтүү тапшыруу үчүн жакшы амал жасоо экенин түшүнгөн адам, балдарды тарбиялоодо негизги максат өзүнөн-өзү пайда болот.

Үй-бүлөдө тартиптүүлүктүн сакталышы үчүн ата-эне менен балдардын ортосундагы сүйүү сезиминин жана урмат-сыйдын күчтөнүүсү зарыл болуп саналат. Бул жөнүндө Куранда жана Аз. Пайгамбардын осуятында бул байланыштарды жөнгө салган үгүт-насааттар орун алган. Алгач ата-эненин балдарына карата милдети жана жоопкерчиликтеринен сөз кылайлы.

**А. Ата-эненин балдарына карата милдеттери жана жоопкерчиликтери.**

Балдар ата-энеге берилген аманат болуп саналат. Кудайдын белеги болгон бул аманаттан ата-эне жооптуу.

Ата-эне балдарына жакшы тарбия берип жана аларды адеп-ахлактуу кылып өстүрүшсө, бул жакшылыктары аларга да, муну менен бирге Кудай алдында чоң сооп алышат. Балдарга тарбия бербей, алардын жаман жолго түшүп кетүүсүнө жол берүү ата-энени бул дүйнөдө да, акыретте да азапка салат. Куранда Кудай Таала төмөндөгүчө буйрук кылат: «Эй ыйман келтиргендер, өзүңүздөрдү жана балдарыңыздарды, отуну адамдар менен таштар болгон дозок

---

[15] Kemaleddin Erdil, Aile Okulu, Ankara -1991, S. 25-27.
[16] Заарият сүрөсү, 56-аят.
[17] Мүлк сүрөсү, 2-аят.

отунан сактангыла»[18]. Аз. Пайгамбар (с.а.в.) мындай деген: «Эч бир ата-эне баласына жакшы тарбиядан башка чоң белек бере албайт».[19]

Балдардын ортосунда кыз-эркек кылып бөлбөстөн жакшы тарбияланышы үчүн эмгектенүү ата-эненин милдети. Исламга чейинки Арап коомдорунда кыздарга маани берилбегендиги мезгил өткөн сайын кыздардын тирүүлөй көмүлүш сыяктуу канкордуктары ырасталган. Аялдар мурастан жайын ала алышпаган. Ислам дини бул жаман адаттарды өзгөртүп балдардын ортосундагы бөлүүчүлүктү жокко чыгарды. Бүгүнкү күндө мусулман коомдорунун көпчүлүгүндө Ислам дининин тыюу салган бул бөлүүчүлүк тилекке каршы азырда улантылып келе жатат. Кыздар, эркек балдардын алган билимдерден узак калып, социалдык чөйрөдөн өз ордун ала албай келүүдө. Аз. Пайгамбарга жабыштырылып айтылган жалган хадистерден улам кыздардын билим алуу жолун бөгөп жатат. Чындыгында Пайгамбарыбыз мындай деген: «Кудайдан корккула жана балдарыңарга адилеттүү болгула. Аларга бирдей мамиле жасагыла».[20]

Балдардын ортосунда бөлүүчүлүк кылып, кээ бирлерине мал-мүлк берип, калгшандарына бербеген адам, жасаган бул ишине Пайгамбарыбыз (с.а.в.)ди күбө кылууну каалаганда, пайгамбар «Мен зулумга күбө болбойм, бар башка бирөөнү күбө кыл»[21] деп айткан.Дагы башка бир хадисте пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед мындай деген: «Кимде ким, үч кызды тарбияласа, жакшы тарбиялап, үйлөндүрүп жана аларга жакшылык кылса, бейиштен орун берилет»[22]

Балдар сүйүү, мээрим көрүп жана ак көңүл менен чоңойсо, адамдык сапаты күчтүү болуу менен бирге өздөрү ата-эне болушканда да балдарына ошондой мамиле кылат. Пайгамбарыбыз бир осуятында: «Кичүүнү сыйлабаган, улууну урматтабаган биздин коомдон эмес»-деп айткан.[23] Бир күнү небереси Аз. Асанды өпкөнүн көргөн пайгамбарыбызга Ахра бин Хабиз аттуу бир киши «Менин он балам бар болсо да, ушул убакка чейин бирөөсүн да өпкөн эмесмин»-деди. Азирети Пайгамбарыбыз ага «мээрим көрсөтбөгөнгө, мээрим көрсөтүлбөйт»[24]-деп айткан. Пайгамбарыбыз өз балдары жана неберелери менен тамашалашкан, аларды ойнотткон жана кубандырган.

Куран жаш балдардын жакшы тарбияланышы үчүн Локман алейхисаламдын уулуна айткан үгүт-насааттарды мисал келтирет. Локман уулуна мындай деген: «Уулум Кудайга шерик кошпо, анткени шерик кошуу өтө чоң зулумдук болуп саналат. Биз адамдарга ата-энесине (жакшылык кылууну) үгүт кылдык. Энеси аны кыйналып (курсагында) алып жүргөн. Анын сүт эмүүсү эки жылга созулган. (Ошондуктан биз адамдарга) мага жана ата-энеңе шүгүр кыл, кайра мага кайтып келесиңер. Эгер алар мага шерик кошуу үчүн сенин маалыматың болбогон нерсеге мажбурласа аларга баш ийбегиле. Алар менен дүйнө (иштеринде) жакшы мамиле жасап жана мага баш ийген кишинин жолу менен кет. Кийин мага кайра кайрылып келесиңер. (Ошол учурда) сиздердин жасаган иштериңер жөнүндө кабар берем» (деп үгүт-насаат бердик). (Локман

---

[18] Тахрим сүрөсү, 6-аят.
[19] Tirmizî, Sünen, el-Birru ve's- Sıla, 33, (IV/338)Çağrı Yay. 2. baskı. İst. 1992.
[20] Muslim, Hibât, 3, Hadis No:13, (II/ 1243); Ebu Davud, Sünen, Büyû', 83, (III/815) Çağrı Yayınları, 2. baskı: İstanbul-1992.
[21] Nesâî, Sünen, Nahl, 21, (VI/260), Çağrı Yay. 2. baskı, İst. 1992.
[22] Ebû Davud, Edeb, 121, (V/355).
[23] Tirmizî, el-Birru ve's-Sıla, 15, (IV/321).
[24] Tirmizî, el-Birru ve's-Sıla, 12, (IV/318).

мындай деди): « Уулум кылган (жакшылыгын же жамандыгын)хардал (эң кичине нерсе) танегинин ордугундай бир нерсе болсо да, бир таштын ичинде да , асманда жана жерде да болсо сөзсүз Кудай аны (алдына) алып келет. Анткени Кудай латиф (мээримдүү) жана (бардык нерселерден) кабардар. Уулум намаз оку, жакшылыкты үгүттө жана жамандыкка тыюу сал, башыңа мүшкүл иш түшсө сабыр кыл. Анткени бул иштер милдеттүү түрдө аткарыла турган иш болуп саналат. Адамдарга жүзүңү үйрүбөгүн, жер жүзүндө менменсинип жүрбөгүн. Анткени Кудай өзүн мактаган жана менменсинген адамдарды жактырбайт. Жер жүзүндө кичи пейилдүү болуп жүр, үнүңдү бийик чыгарба. Анткени үндөрдүн эң жагымсыз болгону эшектин үнү.[25]

Локман алейхисаламдын Куранда болбогон кээ бир үгүттөрү башка булактарда кездешет. Бул үгүт-насааттар жалгыз гана жаш балдар үчүн эмес бардык адамзат үчүн пайдалуу. Бул жерде булардан кээ бирлерине орун бердик:

1. «Уулум сага төрт нерсени кеңеш берип жатам. Булардан экөөсүн унутасың, экөөсүн дайыма эсиңе тутасың. Унута турган эки нерседен биринчиси, сенин башка адамдарга кылган жакшылык, экинчиси да башка адамдардын сага кылган жамандыгы болуп эсептелет. Дайыма эсинде туткан эки нерседен биринчиси Кудай Таала, экинчиси өлүм».

2. Уулум өлүм адамга күтүүсүздөн келет. Ошондуктан тообо келтирүүнү өлүм убагына чейин кечиктирбе, муну менен бирге сабатсызга сүйүүнү ыйгарба. Эгер ага сүйүү көрсөтсөң, өзүнүн кылган иштерин туура деп эсептейт.

3. Адамдар болбогон жерде Кудайдан корк. Дилиң таза эмес болгон абалда, адамдар сени такыба катары көрүп, мунун себебинен сага жакшы мамиле кылуунун эч кандай мааниси жок.

4. Унчукпагандыгын үчүн эч убак арманда болбо. Ушуну бир билгин, сөз күмүштөн болсо, сөз сүйлөбөө алтындан.

5. Жамандык, жаман иш сенен узак болгондой, сен да жамандыктан узак бол. Себеби жамандык, жамандар үчүн жаратылган.

6. Уулум! Аалымдардын чогулушуна катышкын. Акылмандардын айткандарын ук. Кудай жансыз жерге жамгыр менен жашоо бергендей, өлүк жанды (дил) илим жана даанагерлик нурлары менен тирилтет. Ушуну бил, ким жалган сүйлөсө жүзү карарат. Мүнөзү жаман адам, эч убакта капалануудан жана кыйынчылыктан кутула албайт. Түшүнүгү тар адамга чындыкты түшүндүрүү, таш ташуудан да оор.

7. Уулум! Наныңды такыбаларга (Кудай алдында жүзү жарык болгондорго) бер. Ишиңи билимдүүлөр менен бирге аткар. Дүйнө жүзү бир деңиз. Адамдардын көпчүлүгү ал деңизде муунтулган. Дүйнө деңизинде сенин кемең Кудай коркуусу (такыба), досуң ыйман, кеменин чатыры (парус) кудайга ишеничиң болсун, ошондо гана куткарыласың.

8. Уулум! Билим менен акылмандуулук эң кедей адамды падыша даражасына жеткирет. Сен билгендериңи практика жүзүндө пайдалангандан кийин, билбегендериңи үйрөн.

9. Уулум! Карыз болуудан узак бол. Себеби карыз адамдарга күндүз уят, түнкүсүн кыжаалатчылыкты алып келет.

10. Уулум! Тилиңди «Кудайым мени кечир дегенге үйрөт»[26]

---

[25] Локман сүрөсү, 13-19-аяттар.
[26] Lütfi Doğan, Toplumun Temelini Sarsan Belli Başlı Problemler, Ankara-1988, s. 160-162.

Көпчүлүк тажрыйбалардын жыйынтыгында пайда болгон акыл-насааттар, адамзаттын орток казынасы жана мусулман ата энелердин балдарын тарбиялап өстүргөндө бул үгүт-насаатарды эске алуусу керек.

Ата-эненин балдарына болгон милдеттерин орундатууда эске ала турган негизги нерсе аларга корс мамиле кылбоо жана келтектебөө (таяк урбоо) керек. Корс мамиле жана таяктоонун педагогикада оң жыйынтыкты бербегендиги белгилүү. Балдарды тарбиялоодо тартипти сактоо үчүн күч колдонуу керек эмес. Ошондуктан каада-салтыбызда кездешкен күч колдонуу насааттарын эске албоо жана «күч колдонуу (таяк) жаннаттан чыккан» сыяктуу жалган сөздөргө ишенбөө керек. Анткени Аз. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) дагы бир осуятында төмөнкүдөй деген: «Эй Айша! Назик мамиле кыл, анткени сылыктык бир нерседе кездешсе, анын көркүн ачат. Эгер болбосо анын көркүн бузат».[27] Айрыкча, Аз. Пайгамбар: «Сылык болбогон адам жакшылыктан да куру калат»-деген.[28]

Балдарды жакшы тарбиялоо керектигин баса белгилеген Аз. Али мындай деген: «Өзүңүздөргө жана бала-чакаңызга жакшылыкты үйрөтүңүз. Аларды жакшы адеп жана тарбия менен тарбиялагыла. Бир адам жаштыгында кандай тарбия көрсө, чоңойгондо, карыганда да ошондой абалда болот. Балдарына жакшы адеп жана таалим-тарбия берген адам, балдары чоңойгондо үзүрүн көрүп кубанат. Ишинин аягында жакшылыкты каалабагандар, түндөрдүн биринде бушайман боло тургандыгы шексиз.[29]

Тарбиянын балага тийгизген таасирин Имам Газали төмөндөгүчө түшүндүрөт:«Бала ата-энеге Кудай тарабынан берилген аманат болуп саналат. Анын жүрөгү (ички дүйнөсү) каухар сымал таза. Ар кандай жасалма коздуктардан бош, ага эмнени жасасаң ошого ийкемдүү. Ага жакшы нерселерди насаат кылып, жакшылыкка үгүттөсөң, жакшы адам болуп чоңоюп, акыретте жана бул дүйнөдө да бактылуу болот. Ага жакшы тарбитя берген ата-эне жана мугалим да анын ийгилигине ортоктош болот. Жаман иштерге түртүп жана айбандар сыяктуу мамиле кылып, тарбиясына көңүл бурулбаса ал жолдон чыгып жана андан ары жок болот. Анын мындай жаман абалга түшүшүнө ата-эне да ортоктош болот»[30].

Баланын тарбиясына көңүл буруу керектигин баса белгилеген аталарыбыз: «Дарак жаш кезинде ийилет»-дешкен экен.

Ата-эненин балдарына болгон милдеттерин кыскача төмөндөгүдөй белгилесек болот:

1. Алардын материалдык муктаждыктарын камсыз кылып, ден-соолугу чың болуп өсүшүнө умтулуу керек.
2. Моралдык тарбиясына маани берип, адеп-ахлактуу жана адамгерчиликтүү болуп өсүшүн жонго салуу керек.
3. Мезгил талабына ылайык билим жана пайдалуу нерселерге ээ болууларын конкреттештирип, коом жана чөйрөсү менен уюмдашып, пайдалуу жана эмгекчил индивид болушуна жардам берүү.
4. Ден соолугу чың жана бактылуу үй-бүлө курууларына көмөк көрсөтүү.

---

[27] Ebu Davud, Cıhad, 15 (III/7)
[28] Müslim, al-Birri bas-Sıla, 23, H. 74 (III/2003)
[29] Lutfu Doğan. a.g.e. s.88.
[30] İmam Gazali, İhyâu Ulümuddin (Terc. Ahmet Serdaroğlu), İstanbul-1992, III/165.

### Б. Балдардын ата-энеге болгон милдети жана жоопкерчиликтери.

Ата-эненин балдарына болгон сүйүүсү жана мээрими, башка жан-жаныбарлар дүйнөсүндө байкалган табигый ички-сезим болуп эсептелет. Ошондуктан Куранда, кыз-балдардын тирүүлөй көмүлүшү сыяктуу жырткычтык окуялардын сындалып четке кагылышы, ата-энелердин балдарына мээримдүү болушун баса белгилеген аяттарды көп жолуктура албайбыз. Ал эми балдардын ата-энелерине урмат-сый көрсөтүүлөрүнө буйрук иретинде бир канча аяттар бар. Бул аяттарда, өзгөчө энелердин, балдарын төрөшү жана чоңойтуу учурунда кыйынчылыктарга дуушар болгондугу түшүндүрүлүп балдардын ата-энелерининин укуктарына баш ийүүлөрү талап кылынат.

Табиятында бул жерден, балдардын ата-энелерине карата, алардын өздөрүнө көрсөткөн табигый сүйүү жана мээримди көрсөтпөгөндүгү түшүндүрүлүүдө. Чындыгында, ата-энелердин балдарын тарбиялап өстүрүүдө көрсөткөн мээрим жана боорукердикти балдарынан аларга көрсөтүлбөйт. Бул ата-энелердеги балдарына карата табигый ички сезимдин, ошол эле кубаттуулукта балдарда ата-энелерине карата болбогондугунан болушу мүмкүн. Ошондуктан Куран бул темада балдарды көңүлүн бурдурууда жана төмөндөгүдөй баяндаган: «Биз адамдарга ата-энелерине урмат-сый көрсөтүүлөрүн насаат кылдык».[31] «Улуу жараткан төмөндөгүдөй буйрук берди: Жалгыз Кудайга таазим кыласыз. Ата-энелериңизге жакшылык кыласыз. Эгерде булардан бирөөсү же экөөсү сенин кол алдында жүрүп карыса эч качан аларга катуу сөз сүйлөбө. Аларга каршы бакырба. Аларды урматтап, жакшы сөз сүйлө. Аларга боорукердик менен ак көңүлдүү мамиле жаса жана « Оо жараткан мени тарбиялап өстүргөн ата-энеме ырайым кыл»[32]-деп дуба кыл. Жогоруда сөз кылынган Локман сүрөсүнүн 14-аятында ата-эненин жана өзгөчө эненин балдарды тарбиялап өстүрүүдө көргөн кыйынчылыктары, ушул себептен балдардын да аларга карата көрсөтө турган урмат-сый жөнүндө баяндалган.

Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) бул маселе боюнча айткан осуяттары бар. Бул осуяттарынын кээ бирлери төмөнкүлөр:

1. «Кудайдын ыраазылыгы, ата-эненин ыраазылыгында, кудайдын каардануусу ата-эненин каарданышында.[33] Бул белгилей кете турган нерсе ата-эненин ыраазылыгы, кеңештери жана акыл-насааттарын орундатуу болуп эсептелет. Акылга сыйбаган иштер Кудайдын ыраазылыгы болбогондой абалда ата-энени ыраазы кылуу жана аларга моюн сунуунун зарылчылыгы жок. Улуу жараткан бул темада төмөндөгүдөй буйрук кылган: «Эгер алар сенин маалыматын болбогон бир нерсени мага шерик кошууга мажбурласа, бул учурда аларга моюн сунба. Кайра кайтып мага келесиңер. Ошол учурда, сиздерге жасаган иштериңиз боюнча маалымат беремин»[34]

2. Абдуллах бин Месуд мындай деген: Пайгамбарга «Кудайга кайсы амал жагымдуу?» деп сурадым. Аз. Мухаммед: «Заманында окулган намаз» деп жооп берди. Андан кийин кайсынысы?-деп суроо берди. Ата-энеге жакшылык кылуу деди. Андан кийинчи «Кудай жолунда жихад кылуу» деп жооп берди.[35]

---

[31] Анкебут сүрөсү, 8-аят.

[32] Исра сүрөсү, 23-24-аяттар

[33] Tirmizi, el-Birru ve's-Sıla, 3, (IV/311).

[34] Анкебут, 8-аят.

[35] Tirmizi, el-Birru ve's-Sıla, 2, (IV/310).

3. «Бир адам эй Кудайдын элчиси! Ата-эненин балдардын алдындагы укугу эмне?-деп сурады. Пайгамбар ага «алар» сенин бейишиң жана дозогуң»[36]-деди. Аларга карата аткарыла турган милдеттердин орундатылышы бейишке, аткарылбашы, дозокко алып бара тургандыгы пайгамбардын жогорудагы осуятында түшүндүрүлүүдө.

4. Аз. Пайгамбарга бир адам келип төмөндөгүдөй суроону берди: Мекеними таштап, сиздин кызматыңызга келдим. Атам менен энеми да ыйлатып жатып таштадым. Аз. Пайгамбар «Андай болсо артыңа кайт да ыйлатканыңдай аларды күлдүр» деп буйрук берди.[37]

5. Аз. Пайгамбарга бир адам келип кудай жолунда жихад учун уруксат каалады. Аз. Пайгамбар «Ата-энең барбы?»-деп сурады. Ал киши «Ооба» дегенде, анда пайгамбар «аларга кызмат кыл, урмат-сый көрсөт»-деди.[38]

6. Ата-энеңизге жакшылык кылыңыз жана жакшы мамиле жасаңыз, сиздин балдарыңыз да сизге баш ийип урматтасын, адептүү жана ар-намыстуу болуңуз, сиздин аялыңыз да адептүү жана ар намыстуу болсун»[39]

7. Аз. Абубекирдин кызы Эсма мындай деген: «Курейш (мүшрүктөрү), пайгамбар(с.а.в.) жана атам менен келишим түзүшкөн учурда мүшрүк энем мага келди. Мен да «Улуу элчиге» «энем келди, мени менен жолугууну каалап жатат, аны менен көрүшөйүнбү? деп сурадым. Пайгамбар (с.а.в.) «ооба, энең менен көрүшкүн» деп буйрук берди.[40]

Бул хадисте белгилегендей ата-энеге сый-урмат көрсөтүүдө дин айырмачылыгынын эч кандай тийешеси жок. Ата-эненин христиан, иудоист же атеист болушу аларга карата болгон жоопкерчиликти (милдетти)орундатууга эч кандай тоскоолдукту бербейт.

8. Пайгамбарыбыз (с.а.в.)га келип, жакшы мамиле жана жакшылыкка эң көп ылайык болгон ким экендигин сураган бир адамга Аз. Пайгамбарыбыз үч жолу кайра-кайра «эне» деп жооп берген. Төртүнчү жолу «ата»[41] деген.

Бул хадис эненин акысы атанын акысынан жогору экендигин түшүндүрүп турат.

9. Пайгамбар (с.а.в.), силерге эң чоң күнөөлөрдөн кабар берейинби? деди. Сахабалар, ооба эй пайгамбар деди: Аз. Пайгамбар Кудайга шерик кошуу, ата-энеге каршы чыгуу, жалган сүйлөө жана жалгандан күбө болуу» деп буйрук кылды.[42]

10. Улууну урматтабаган, кичүүнү сыйлабаган жакшылыкты буюруп, жамандыктан узак болбогон биздин эмес.[43]

11. Аз. Пайгамбар кийинчерээк кандайдыр бир себептердин натыйжасында сүт энесине жолугуп ага урмат-сый көрсөткөн жана ага башындагы топусун (баш кийимин) чечип үстүнө отуруусун каалаган.[44]

Пайгамбарыбыздын ата-энеге урмат-сый жана моюн сунуу темасында бир канча кулактандырууларды жасашы, бул маселенин ошол доордо да

---

36 İbn Mace, Sünen. Edeb, 1.(II/1208) Çağrı Yay., 2 baskı, İstanbul-1992.
37 Ebu Davud, Cihad, 31, (III/38)
38 Ebu Davud, Cihad, 31, (III/38)
39 Seçme Hadisler, Diyanet İşleri Başkanlığı Yayınları,10 baskı, Ankara-1999, s.143.
40 Buhari, Cizye, 18, (IV/70).
41 Buhari, Edeb, 2, (VII/69).
42 Buhari, Edeb, 6,(VII/70-71).
43 Ahmed.b. Hanbel, Müsned, I/257, Çağrı Yayınları, 2 baskı, İstanbul- 1992.
44 Seçme Hadisler, s. 151-152.

проблемалуу болгондугун көрсөтүп турат. Учурда бул маселе дагы да чоң проблемага айланган. Диний ишенимдердин жана улуттук үрп-адаттардын начарлашы, материалдык кызыкчылыктын алдыңкы планга коюлуп, туугандык байланыштардын бузулушу, бул заманда ата-энеге урмат-сый азайган жана балдардын ата-энелерине болгон милдеттердин аткаралбай калгандыгынан бир канча ата-эне жылуу үй-бүлө очогунан алыстап, карылар үйлөрүнө жиберилиши айгинелеп турат. Чындыгында алар бизди жылуу үй-бүлө очогунда кандай мээрим, сүйүү берип чоңойтсо, ошондой мээримдүүлүккө жана багууга муктаж болгон учурларда биз дагы аларга болгон милдеттерибизди аткарууга мажбурбуз. Бул биздин диний жана инсандык милдетибиз.